“Макулдашылды”
педагогикалык кеңешме
токтом № 1
“3” “09” 2021

“Бекитемин”
мектеп мүдүрү
Мамышова Т.А.

**Аламүдүн районунун Арчалы айылындагы генерал С.самсалиев атындагы Жогорку-Аларча жалпы билим берүү орто мектеби**

**О Л И М П И А Д А иштери боюнча жобо**

**1. Жалпы жобо**

1.1. Жобо мектеп олимпиадасын өткүчүн иреттүүлүгүн, уюштуруу учурун, жеңүүчүлөрдү аныктоону, методикалык жардам берүүнү камсыдайт.
1.2. Олимпиаданын негизги максаты жана тапшырмасы окуучулардын өнүгүүсүн арттыруу, чыгармачылык мумкунчулугун өнүктүрүү, предметтер боюнча илимий ишмердүүлүккө, окуу жана практикага кызыктыруу, өзгөчөлөнгөн окуучуларга шарт тузуу, талантуу балдарды топтоо.
1.3. Мамлекеттик жалпы билим берүүчү мектептерде олимпиадага окуучулар өз эрки менен катышат.
1.4. Олимпиада 4 этап менен өткөрүлөт; мектептик, райондук, областтык жана республикалык.
1.5. Олимпиаданы уюштуруучулар төмөнкүлөр:
- жалпы билим берүүчү мектептер,
- райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрү,
- областтык билим берүү бөлүмдөрү,
- КР нын ББМ.

1.6. КР нын ББМ тарабынан жалпы билим берүүчү программага ылайык предметгерден түзүлүп, көрсөтмөлөрү бекитилип, олимпиаданын тапшырмалары түзүлөт.

1.7. Мектептин олимпиадасынын ээ болуучу орундарынын эсеби болбойт.

1.8. Окуучулардын олимпиадага катышуудагы жыйынтыгы менен олимпиаданын жеңүүчүлөрү аныкталат. Олимпиаданын жеңүүчүлөрүнүн фамилиялары топтогон баллына жараша мамыча түрүндө жазылат, эгерде бир нече окуучу бирдей баллга ээ болуп калышса, алфавиттин иретинде жазылат.

1.9. Жеңүүчүлөрдүн диплом, граммоталарына мектеп директорунун колу коюлуп, мөөр басылышы керек.

1.10. Олимпиаданын өтүшүнө, уюштуруу иштерине уюштуруу комитети , мектеп администрациясы жана предметниктер жооп беришет.

## 2. Мектеп олимпиадасынын ireттүүлүгү:

2.1. Мектеп олимпиадасы 25-октябрдан 25-ноябрга чейинки аралыкта өткөрүлөт. Олимпиаданын датасы, мөөнөтү, предмети, өтүүчү бөлмөсү даана, так жазылып илинип коюлушу керек.

а) Мектеп олимпиадасын өткөрүү үчүн атайын уюштуруу комитети, калыстар тобу, комиссия мүчөлөрүнүн курамы түзүлөт. Комиссия курамына N'1Dk ри кирууге милдеттүү.

б) Мектеп олимпиадасынын предметтеринин тапшырмалары МБ

кеңешмесинде кабыл алынып, ОББ текшерет да, директор бекитет.

2.2. Мектеп олимпиадасы жалпы билим берүү программасына ылайык

предметтердин тапшырмалары түзүлөт да 5-11- класска чейин өткөрүлөт.

2.3. Мектеп олимпиадасын 2 этап менен өткөрсө болот.

1- каалоочуулардын баары катышат.

2- жеңүүчүлөргө (жогорку балл алгандарга) кайрадан дагы өткөрүү керек.

а) Жогорку баллга ээ болгон окуучулар мектеп олимпиадасынын жеңүүчүлөрү болуп эсептелет.

б) Эгерде жеңүүчүлөр тандалбай калса, анда сыйлыкка ээ болуучулар гана белгиленет.

в) Мектеп олимпиадасынан сыйлыкка ээ болгондору предметтер боюнча тандалат да, кайрадан даярдалып, райондук олимпиадага барууга укук алышат.

г) Эгерде жеңүүчүлөрдүн сыйлыкка татыктуу болгондорунун баллы бирдей болуп калса, калыстар тобу чечим чыгарып, жеңүүчүнү аныктайт.